Күзгү нөшөр

Сөзү,обону: Бейшекеев Сыймык

Сапырылган сары жалбырак,
Санааларга мени азгырат.
Терезеге келип тигилсем,
Үнсүз дарак тиктейт жалдырап.

Кайырма:
Жаш жүрөгүм мынча кайгырды,
Көңүл кушун кимге алдырды.
Күзгү нөшөр тынбай төгүлөт,
Көздөрүмдөн жааган жамгырбы?

Теребел да мынча көңүлсүз,
Теректер да ойдон бөлүнгүз.
Тегерете курчап буюмдар,
Термелише тиктейт өзүңсүз.

Кайырма:
Жаш жүрөгүм мынча кайгырды,
Көңүл кушун кимге алдырды.
Күзгү нөшөр тынбай төгүлөт,
Көздөрүмдөн жааган жамгырбы?

Болом деген өзүң түбөлүк,
Асман дагы бүркөө түнөрүп.
Өзүң, тургай атын укканда,
Жүрөгүмдөн турчу гүл өнүп.

Кайырма:
Жаш жүрөгүм мынча кайгырды,
Көңүл кушун кимге алдырды.
Күзгү нөшөр тынбай төгүлөт,
Көздөрүмдөн жааган жамгырбы?